| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XVII СЕССИЯСЫНЫН**

**№ 2 ТОКТОМУ**

**24-апрель 2026-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл өкмөтүнө караштуу сугат суу тарифин бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 21-апрелиндеги 01-15/59 сандуу «Багыш айыл өкмөтүнүн аймагында сугат суу тарифин бекитип берүү жөнүндө» кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын 16.04.2026-жылдагы протоколдук чечимин угуп жана талкуулап **Багыш айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнө караштуу сугат суу тарифтери төмөндөгүдөй бекитилсин:

-Беде жана эспарцет көп жылдык эгиндерди сугаруу үчүн 1400 сом;
-Арпа, буудай, эгиндерин сугаруу үчүн 1300 сом;
-Жүгөрү, күн карама эгиндерин сугаруу үчүн 1400 сом;
-Жашылча-жемиштерди сугаруу үчүн 2500 сом;
-Шаалы эгинин сугаруу үчүн 5000 сом;
-Бак-дарак өсүмдүктөрүн сугаруу үчүн 1500 сом.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн милдетин аткаруучу Б.Адылбек уулуна милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**